## Банктар аралык кредиттик ресурстар рыногу

*(2016-жылдын март айы)*

Өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу каралоо алынып жаткан мезгил ичинде банктар аралык кредит рыногунда коммерциялык банктардын үстөк ликвиддүүлүгүнүн орто күндүк деңгээлинин 94,6 пайызга, 1,9 млрд сомго чейин олуттуу көбөйүшү байкалган.

Отчеттук мезгил ичинде ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар репо шартында ишке ашырылган, ошондой эле улуттук валютада стандарттык бүтүмдөр келишилген. Мында, аталган бүтүмдөр тиешелүүлүгүнө жараша, жылдык 7,1 (-4,2 п.п.) жана 12,8 пайыз орточо салмактанып алынган чен боюнча келишилген. Репо шартында бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырмалуу 46,4 пайызга, 467,2 млн сомго чейин төмөндөгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто улуттук валютада стандарттык бүтүмдөр 190,0 млн сомду (-51,3 пайызды) түзгөн.

**1-график. Ички банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ички рынокто чет өлкө валютасында стандарттык бүтүмдөр келишилген эмес.

Ошондой эле ушул эле мезгил ичинде Улуттук банктын инструментинен болгон «овернайт» кредиттерине карата суроо-талаптын төмөндөшү байкалган, алардын көлөмү 686,4 млн сомду (-32,1 пайызды) түзгөн. Мында да Улуттук банк коммерциялык банктардын 144,4 млрд сом суммасындагы каражаттарын (+2,6 эсе) "овернайт" шартында депозиттерге жайгаштырууну уланткан.

Кредиторлордун концентрациялануу индекси 0,21 түзгөн болсо, ал эми дебиторлордун концентрациялануу индекси – 0,36 түзгөн. Мындай индекстердин маанилери рыноктун концентрациялануусунун орточо деңгээлин көрсөтүп, рынокто беш негизги кредитордун жана төрт карыз алуучунун катышкандыгына дал келет.

**2-график. банктар-резидент эместер менен чет өлкө валютасындагы бүтүмдөр боюнча банктар аралык кредит рыногунда операциялар көлөмүнүн жана пайыздык чендердин динамикасы**




Банктар резидент эместер менен чет өлкө валютасында келишилген кредиттик бүтүмдөрдүн көлөмү өткөн айдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 9,0 пайызга төмөндөө менен сом эквивалентинде 1,1 млрд түзгөн. Кароого алынып жаткан мезгил ичинде банктар-резидент эместер менен ишке ашырылган кредиттик операциялар боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен 2,4 пайыз деңгээлинде (-4,7 п.п.) калыптанган.

**1-таблица. Улуттук валютадагы банктар аралык кредиттердин динамикасы (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 03 | 60,8 | 1 | 15,0 | | | | | 60,8 | 15,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 100,0 | 1 | 18,0 | | | | | | | | | | | | | 100,0 | 18,0 | | | | |
| | 05 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 08 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 100,0 | 1,0 | 12,0 | | | | | | | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | |
| | 11 | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 798,2 | 6,0 | 11,2 | | | 490,0 | 11,0 | 240,0 | 11,0 | | | 68,2 | 14,0 | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 340,1 | 3 | 14,2 | | | 40,1 | 10,5 | | | 300,0 | 14,7 | | | | | | | | | | |
| | 02 | 390,0 | 2 | 12,7 | | | 290,0 | 13,0 | | | 100,0 | 12,0 | | | | | | | | | | |
| | 03 | 190,0 | 2 | 12,8 | | | | | | | | | | | 100,0 | 10,0 | 90,0 | 16,0 | | | | |

**2-таблица. Коммерциялык банктардын репо операциялары (мөөнөттүүлүк боюнча)**

| Мезгил аралыгы | | Жалпы | | | Анын ичинде бүтүмдөр боюнча | | | | | | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 күнгө ч-н | | 2-7 күн | | 8-14 күн | | 15-30 күн | | 31-60 күн | | 61-90 күн | | 91-180 күн | | 181-360 күн | | | |
| | | Көлөмү (млн. сом.) | Бүтүм саны | Чен (%) | Көлөмү(млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү (млн. сом.) | Чен (%) | Көлөмү( млн. сом.) | Чен (%) |
| 2015 | 03 | 3063,9 | 76 | 10,8 | 1337,8 | 10,8 | 1567,6 | 10,7 | 158,5 | 11,3 | | | | | | | | | | | | |
| | 04 | 4219,1 | 74 | 10,4 | 1940,9 | 10,3 | 2278,2 | 10,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 05 | 5351,6 | 90 | 10,7 | 2485,5 | 11,1 | 2639,1 | 10,4 | 226,9 | 10,2 | | | | | | | | | | | | |
| | 06 | 2106,0 | 43 | 8,8 | 208,4 | 8,1 | 1523,8 | 8,7 | 373,8 | 9,5 | | | | | | | | | | | | |
| | 07 | 3924,3 | 84 | 8,3 | 1347,5 | 8,4 | 1965,5 | 8,2 | 590,6 | 8,2 | 20,7 | 9,0 | | | | | | | | | | |
| | 08 | 2057,8 | 38 | 6,7 | 578,5 | 6,3 | 1029,4 | 6,6 | 449,9 | 7,4 | | | | | | | | | | | | |
| | 09 | 807,3 | 24 | 6,5 | 530,6 | 6,1 | 276,8 | 7,3 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 10 | 521,3 | 23 | 8,9 | 140,5 | 8,2 | 254,5 | 8,7 | 126,3 | 10,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 11 | 533,8 | 11 | 8,5 | 109,2 | 8,6 | 424,6 | 8,5 | | | | | | | | | | | | | | |
| | 12 | 611,9 | 11 | 11,0 | 206,0 | 8,2 | 151,5 | 9,9 | 155,2 | 14,4 | 99,4 | 13,0 | | | | | | | | | | |
| 2016 | 01 | 1010,7 | 34 | 10,0 | 341,4 | 9,7 | 591,1 | 10,0 | 78,2 | 11,0 | | | | | | | | | | | | |
| | 02 | 870,9 | 23 | 11,3 | 77,0 | 8,6 | 646,8 | 11,5 | 147,1 | 11,7 | | | | | | | | | | | | |
| | 03 | 467,2 | 11 | 7,1 | 104,0 | 7,3 | 169,4 | 4,7 | 193,8 | 9,0 | | | | | | | | | | | | |